Кажы-Сай айылдык Кеңешинин 7-чакырылышынын сессиясы

**ТОКТОМ**

2023/8 Кажы-Сай айылы

Кажы-Сай айылдык Кеңешинин 7-чакырылышынын депутаттарынын кезекеги сессиясынын күн тартибине коюлган маселелер каралып,

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кажы-Сай айыл өкмөтүнө караштуу муниципалдык пляжга жеке инвестр тарабынан ажааткана куруугa №189, 28.07.2022-жылдагы буйругу менен бекитилген жобонун 8главасынын 72-пунктуна ылайык 5 жылдык мөөнөткө түз келишим түзүү менен ижарага берилсин.
2. Кажы-Сай айыл аймагынын маданият үйүнүн чатырын жабуу үчүн тендер аркылуу келип, колдонулбай турган шиферлерге тиешелүү документтерди текшерип чыгууга комиссия түзүлсүн.
3. Кыргыз Республикасынын №131 жарлыгын аткарууга алуу максатында акыр-чикир чыгаруучу жай куруугa жер аянты бөлүнүп берилсин.
4. Кажы-Сай айыл өкмөтүнө келишимдин негизинде юрист алынсын.
5. Кажы-Сай айыл аймагына муниципалдык базар куруу үчүн жер аянты бөлүнүп берилсин.
6. Тоң районунун өнүктүрүү фондуна генератор алууга долбоор сунушталсын.
7. Кажы-Сай айыл аймагындагы китепкананын экинчи этажын жеке ишкерлерди колдоо максатындда түз келишими менен ижарага берилсин (28.07.2022-ж.№189 буйругу менен бекитилген жобонун 8-главасынын 1-пункту).
8. Кажы-Сай айыл аймагындагы “Теплопункт” короосуна контейнер коюлуп, түз келишим менен ижарага берилсин (28.07.2022-ж.№189 буйругу менен бекитилген жобонун 8-главасынын 1-пункту).
9. Кажы-Сай айыл өкмөтүнө караштуу муниципалдык пляжга сезонго тигилүүчү боз үйлөрдүн ижара акысы 5000(беш миң) сом өлчөмүндө бекитилсин.
10. Кажы-Сай айыл аймагынын “Жергиликтүү жаамат” Жобосу бекитилсин.
11. Жергиликтүү айылдык Кеңештин депутаттарынын этикасын сактоо тартиби белгиленсин.
12. Жергиликтүү айылдык Кеңештин төрагасын жана төраганын орун басарын кайра шайлоо кабыл алынып, төрага И.Т.Акунов жана анын орун басары Т.Мусаев бекитилсин.
13. Бул токтомдун аткарылышын Кажы-Сай айыл өкмөтүнүн башчысы У.Төлөновго милдеттендирилсин.

**Кажы-Сай айылдык Кенешинин торагасы** **И.Т.Акунов**